Partnership on the Rights of Persons with Disabilities

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдагы калкты жана турак жай фондун каттоонун жыйынтыгынын негизинде майыптуулук маселелери боюнча аналитикалык баяндама жана расмий статистикалык маалыматтар

# Аналитикалык баяндама



Бул басылма Бириккен Улуттар Уюмунун Калкты жайгаштыруу Фонду (ЮНФПА) Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы (ПРООН) жана БУУнун Балдар Фонду (ЮНИСЕФ) менен БУУнун Кыргызстандагы жалпы жетекчилиги аркылуу Майыптардын укуктары боюнча БУУнун өнөктөштүгүнүн (UNPRPD) колдоосу менен биргеликте ишке ашырып жаткан Кыргызстандагы мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктарын илгерилетүү долбоорунун алкагында даярдалды.

Басылма Кыргызстандын мыйзамдарында колдонулган расмий терминдерди цитата кылуу үчүн «майып адамдар» жана «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар (ДМЧА)» сыяктуу ар кандай терминдерди колдонот. Ошол эле учурда авторлор инклюзивдик тилдин заманбап эл аралык стандарттарын эске алуу менен, кадыр-баркты жана адам укуктарын сыйлоону чагылдырган «адамдар/майып адамдар» деген терминди колдонуу менен көбүрөөк инклюзивдүү мамиле жасашат.

**Бишкек 2024**

## Колдонулган кыскартуулар жана аббревиатуралар

| | |
|---|---|
| **АИВ -** | Адамдын иммунжетишсиздик вирусу |
| **БЦШ -** | Балдар церебралдык шал оорусу |
| **МКТ -** | Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар |
| **ҮЧКИ -** | Үй чарбаларынын бюджетин жана жумушчу күчүн комплекстүү тандап изилдөө |
| **БУУ МУК -** | БУУнун Майыптардын укуктары боюнча Конвенциясы |
| **ДМЧА -** | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар |
| **МСЭК -** | Медициналык-социалдык экспертиза комиссиясы |
| **КП ЭСКжММ -** | Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги |
| **Улстатком -** | Улуттук статистикалык комитет |
| **БУУ -** | Бириккен улуттар уюму |
| **ДМЧ -** | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү |
| **БУУӨП -** | Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү программасы |
| **ЖИКС -** | Жуктурулган иммункемчилдик синдрому |
| **ТӨМ -** | Туруктуу өнүгүү максаттары |
| **ЮНИСЕФ -** | БУУнун Балдар Фонду (United Nations Children's Fund) |
| **ЮНФПА -** | Бириккен Улуттар Уюмунун Калкты жайгаштыруу Фонду |

# МАЗМУНУ


**04**

Киришүү

**05**

Кыргыз Республикасындагы майыптуулуктун абалына сереп

05 1-таблица: Пенсия жана жөлөкпул алган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саны

07 2-таблица: Майыптыгы боюнча пенсия жана жөлөкпул алган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын аймактар боюнча саны

09 3-таблица: Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген деп биринчи жолу табылган адамдардын саны

10 4-таблица: Жынысы жана майыптыгынын себептери боюнча биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген деп табылган 18 жаштан жогорку курактагы адамдардын саны

13 5-таблица: Жынысы жана жашаган жери боюнча биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген деп табылган 18 жаш жана андан жогорку курактагы адамдардын саны

**14**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар

14 6-таблица: 18 жашка чейинки ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар

15 7-таблица: 2023-жылы 18 жашка чейинки ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын саны

17 8-таблица: Биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген деп табылган 18 жашка чейинки балдардын куректык тобу жана жынысы боюнча саны

18 9-таблица: Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн мектептердин саны жана алардагы балдардын саны

19 10-таблица: Карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн үй-интернаттары

**21**

Мамлекеттик бюджеттин төлөмдөрү

21 11 таблица: Мамлекеттик бюджеттин эсебинен социалдык коргоого чыгашалар

22 12 таблица: 18 жашка чейинки балдарга майыптыгы боюнча жөлөкпулдун орточо өлчөмү

**23**

Кыргыз Республикасынын калкын жана турак жай фондун каттоонун маалыматтары

24 Сизде көз айнек менен да көрүү кыйынга турабы?

25 Сизде угуу аппаратын колдонсоңуз да, угуу кыйынга турабы?

26 Сиз басууда же тепкичке чыгууда кыйналасызбы?

27 Сиз эстеп калууда же көңүлүңүздү топтоодо кыйналасызбы?

28 Өзүңүзгө кам көрүүдө кыйынчылыктарыңыз барбы (мисалы, өзүңүз жуунуп же кийинүү менен байланышкан)?

# КИРИШҮҮ

2019-жылы Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2006-жылдын 13-декабрында кабыл алынган Майыптардын укуктары боюнча БУУнун Конвенциясын ратификациялады[1].

Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 31-беренесине ылайык, катышуучу-мамлекеттер жана Конвенцияны ишке ашыруу боюнча саясатты иштеп чыгууга, ошондой эле ишке ашырууга мүмкүндүк берүү үчүн сапаттуу маалыматты, анын ичинде статистикалык жана изилдөө маалыматтарды чогултууга милдеттенишет. Мындан тышкары, чогултулган маалыматтар тиешелүү түрдө дезагрегация болушу керек, ошол эле учурда катышуучу-мамлекеттердин милдеттенмелердин аткарылышын баалоо жана майыптар өз укуктарын жүзөгө ашырууда туш болгон тоскоолдуктарды аныктоо жана аларды чечүү үчүн колдонулуш керек. Катышкан-мамлекеттер бул статистикалык маалыматты жайылтуу жана майыптыгы бар адамдар жана башкалар үчүн аларды жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик алышат[2].

2016-жылдын январында БУУга мүчө болгон бардык өлкөлөр тарабынан кабыл алынган Туруктуу өнүгүү максаттары (ТӨМ) жана 2030-жылга чейин туруктуу өнүгүүнүн күн тартиби күчүнө кирди. Бул глобалдык документтердин негизги принциби – «эч ким унутулбайт» деген принципти эске алуу менен, 2030-жылга чейинки күн тартибине майыптыгы бар адамдарды эң маанилүү максаттуу топтордун бири катары киргизүү, өлкөлөрдүн өкмөттөрү улуттук стратегияларды чечүүдө өзгөчө көңүл бурушу керек, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн программаларды андан ары өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл буруу ТӨМгө жетишүүгө багытталган.

Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын абалын жакшыртуу боюнча ТӨМ жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү үчүн, ошондой эле статистикалык маалыматты андан ары өнүктүрүү, чогултулган индикаторлордун тизмесин кеңейтүү, анын ичинде билим берүү менен камтуу, жакырчылык, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды иш менен камсыз кылуу боюнча жана жумушсуздук, маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (МКТнын) жеткиликтүүлүгү, таза ичүүчү суу менен, электр энергиясы жана башка көрсөткүчтөргө басым жасоо зарыл экендигин билдирет. Бул көрсөткүчтөрдүн көбү расмий статистика аркылуу, ошондой эле административдик отчеттуулук, же тандалма изилдөөлөр аркылуу чогултулбайт.

Берилген аналитикалык баяндамада Кыргызстандагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар жөнүндө статистикалык маалыматтардын үч негизги булагынан алынган расмий улуттук статистика колдонулат:

1) Биринчи жолу майыптуулук статусун алган адамдардын саны, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жалпы саны, майыптуулуктун себептери, аларды гендердик жана жаштык топтор боюнча бөлүнүшүүсү, калтын жашаган жергеси боюнча статистикалык маалыматтарды камтыган административдик булактар болуп эсептелинет. Майыптык боюнча административдик статистиканы чогултуу Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана башка ведомстволор тарабынан жүргүзүлөт. Белгилей кетсек, административдик статистика майыптуулуктун топторду түзүүдө медициналык формасы менен негизделген.

2) Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети тарабынан жүргүзүлгөн эл каттоосу. Эл каттоонун тарыхында биринчи жолу 2022-жылдагы Эл жана турак-жайды каттоо анкетасында функционалдык чектелүүлөр боюнча суроолор камтылган (Вашингтон тобунун алты суроосунун бешөөсү киргизилген: басуу, көрүү, угуу, эстеп калуу же көңүлүн топтоо б.а. таанып билүү (когнитивдик жөндөм) жана жеке өзүнө кам көрүү). Жыйынтыктар бүткүл өлкөнүн калкынын физикалык абалынын мүнөздөмөлөрүн алууга мүмкүнчүлүк берет.

3) Тандалма сурамжылоолор. Кыргыз Республикасында үй чарбаларынын бюджетин жана эмгек ресурстарын тандалма изилдөөнүн алкагында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жашоосу жөнүндө маалымат изилденбейт. Бул Кыргыз Республикасында майыптуулуктун деңгээли 3 пайыз чегинде экендиги менен түшүндүрүлөт, бул табигый түрдө сапаттуу маалыматтарды алууга мүмкүндүк бербейт. Ошол эле учурда, 2018-жылы Улуттук статистика комитети Көптөгөн көрсөткүчтөр боюнча кластердик изилдөөдө (ККИ) биринчи жолу алты функционалдык чөйрөнү камтыган, булар: басуу, көрүү, угуу, когнитивдик жөндөмдүүлүктөр, өзүн-өзү тейлөө жана баарлашуу боюнча калктын айрым топтору үчүн (2-4 жаштагы балдар, 5-17 жаштагы балдар, 18-49 жаштагы аялдар) Вашингтон тобунун сунуштарына ылайык суроолорду киргизген. Үй чарбаларын комплекстүү изилдөө (ҮЧКИ) маалыматтары боюнча ведомстволор аралык жана эксперттик топ тарабынан сунушталган көрсөткүчтөрдү майыптыгы боюнча бөлүштүрүү азырынча жүргүзүлө элек.

[1] Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 13-мартындагы Мыйзамы №34 «БУУ Генералдык Ассамблеясы тарабынан 2006-жылдын 13-декабрында кабыл алынган жана 2011-жылдын 21-сентябрында кол коюлган Майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясын ратификациялоо жөнүндө».
[2] Ошол жерде.

# Кыргыз Республикасындагы майыптуулуктун абалына сереп

Майыптык – бул майыптуулугу бар адамдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн натыйжасы, алардын коомго башкалар менен бирдей деңгээлде толук жана натыйжалуу катышуусуна тоскоол болгон мамилелер жана айлана-чөйрө менен шартталган тоскоолдуктар болуп саналат.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жалпы санына Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда, башка мамлекеттик органдарда жана социалдык коргоо органдарында каттоодо турган адамдардын саны кирет.

2024-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасында майыптыгы боюнча пенсия жана жөлөкпул алгандардын саны 217 миңден ашык ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды түзгөн, же жалпы калктын 3 пайызын түзөт.

Акыркы беш жылдын ичинде алардын саны **11,8 пайызга көбөйгөн.**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жалпы санынын 180 миңге жакыны жетилген курактагылар, же бойго жеткен калктын 4 пайызын түзсө, ал эми 2019-жылга салыштырганда алардын саны 10,7 пайызга өскөн.

Майыптыгы боюнча пенсияны жана жөлөкпулду алган майыптардын жалпы санынын 53,5 пайызын, же 96 миңден ашык адамды эркектер түзсө, ошол эле убакта 46,5 пайызын же 83 миңден ашыгын аялдар түзөт. 2019-жылга салыштырмалуу мүмкүнчүлүгү чектелген эркектердин саны 10 пайызга, ал эми мүмкүнчүлүгү чектелген аялдардын саны 11,4 пайызга өскөн.

18 жашка чейинки ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын саны 37 миңден ашып, бул куракта гы балдардын жалпы санынын 1,4 пайызын түзгөн. 2019-жылга салыштырганда ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген (ДМЧ) балдардын саны 11,7 пайызга өскөн.

**1-таблица:** Пенсия жана жөлөкпул алган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саны[1]

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Пенсия жана жөлөкпул алган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саны - бардыгы** | **194 364** | **197 792** | **202 551** | **211 650** | **217 222** |
| Калктын ар бир 10 000 кишиге карата | 297,9 | 298,0 | 293,0 | 300,7 | 303,3 |
| Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын саны – бойго жеткендер | 162 351 | 165 158 | 168 370 | 175 209 | 179 728 |
| аялдар | 75 072 | 76 032 | 78 519 | 83 799 | 83 627 |
| эркектер | 87 279 | 89 126 | 89 851 | 96 982 | 96 101 |
| Жетилген курактагы калктын 10 000 кишиге карата | 399,2 | 400,4 | 392,8 | 400,4 | 402,1 |
| Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын саны – 18 жашка чейинки балдар | 32 013 | 32 634 | 34 181 | 36 441 | 37 494 |
| Ар бир 10 000 балага карата | 130,3 | 129,9 | 130,2 | 136,9 | 139,3 |
| Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын жалпы санында майыптыгы бар балдардын үлүшү, пайыз менен | 16,5 | 16,5 | 16,9 | 17,2 | 17,3 |

[1] Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда, башка мамлекеттик органдарда жана калкты социалдык коргоо органдарында каттоодо турган адамдар.

## Пенсия жана жөлөкпул алган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саны

Кыргыз Республикасы - бардыгы




Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын саны – бойго жеткендер




Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын жалпы санында майыптыгы бар балдардын үлүшү




Майыптыгы боюнча пенсия жана жөлөкпул алган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын эң көп саны Жалал-Абад (48 миңден ашык), Ош (39 миңге жакын) жана Чүй (35 миңден ашык) облустарында, эң азы - Ош шаарында (7 миңден ашык), Талас (10 миңге жакын) жана Нарын (12 миңден ашык) облустарында байкалган.



## 2-таблица: Майыптыгы боюнча пенсия жана жөлөкпул алган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын аймактар боюнча саны

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы - бардыгы** | **194 364** | **197 792** | **202 551** | **211 650** | **217 222** |
| аялдар | 91 989 | 93 511 | 96 543 | 101 163 | 103 411 |
| эркектер | 102 375 | 104 281 | 106 008 | 110 487 | 113 811 |
| **Баткен облусу** | **19 859** | **20 295** | **20 808** | **21 976** | **22 350** |
| аялдар | 9 425 | 10 212 | 10 733 | 11 357 | 11 394 |
| эркектер | 10 434 | 10 083 | 10 075 | 10 619 | 10 956 |
| **Жалал-Абад облусу** | **41 466** | **42 541** | **44 698** | **46 682** | **48 635** |
| аялдар | 19 738 | 20 209 | 21 164 | 22 350 | 23 412 |
| эркектер | 21 728 | 22 332 | 23 534 | 24 332 | 25 223 |
| **Ысык-Көл облусу** | **19 406** | **19 614** | **19 955** | **20 741** | **21 364** |
| аялдар | 8 831 | 8 979 | 9 280 | 9 683 | 9 971 |
| эркектер | 10 575 | 10 635 | 10 675 | 11 058 | 11 393 |
| **Нарын облусу** | **11 850** | **12 025** | **12 144** | **12 332** | **12 466** |
| аялдар | 5 100 | 5 178 | 5 125 | 5 584 | 5 507 |
| эркектер | 6 750 | 6 847 | 7 019 | 6 748 | 6 959 |
| **Ош облусу** | **36 992** | **37 233** | **37 797** | **38 386** | **38 903** |
| аялдар | 17 479 | 17 465 | 17 545 | 17 543 | 17 851 |
| эркектер | 19 513 | 19 768 | 20 252 | 20 843 | 21 052 |
| **Талас облусу** | **9 292** | **9 217** | **9 479** | **9 864** | **9 934** |
| аялдар | 3 998 | 4 046 | 4 295 | 4 397 | 4 321 |
| эркектер | 5 294 | 5 171 | 5 184 | 5 467 | 5 613 |
| **Чүй облусу** | **30 904** | **31 618** | **32 609** | **34 412** | **35 221** |
| аялдар | 14 890 | 15 067 | 15 827 | 16 909 | 17 082 |
| эркектер | 16 014 | 16 551 | 16 782 | 17 503 | 18 139 |
| **Бишкек шаары** | **17 551** | **18 310** | **18 168** | **20 231** | **21 279** |
| аялдар | 8 562 | 8 844 | 8 769 | 9 846 | 10 439 |
| эркектер | 8 989 | 9 466 | 9 399 | 10 385 | 10 840 |
| **Ош шаары** | **7 044** | **6 939** | **6 893** | **7 026** | **7 070** |
| аялдар | 3 966 | 3 511 | 3 805 | 3 494 | 3 434 |
| эркектер | 3 078 | 3 428 | 3 088 | 3 532 | 3 636 |

# Майыптыгы боюнча пенсия жана жөлөкпул алган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын аймактар боюнча саны

Кыргыз Республикасы - бардыгы




Аялдардын саны жана эркектер




2019-2023-жылдар аралыгындагы аймактар жана гендер боюнча саны




Баткен облусу




Жалал-Абад облусу




Ысык-Көл облусу




Нарын облусу




Ош облусу




Талас облусу




Чүй облусу




Бишкек ш.




Ош ш.

Алгачкы майыптык - отчеттук жылда биринчи жолу майыптыкты аныктоо. Майыптык тобу - оорунун, травматизмдин же кемтиктин кесепеттеринен келип чыккан организм функцияларынын туруктуу бузулушунан улам келип чыккан, майыптык даражасына жараша майып деп таанылган жаранга I, II же III топтогу майыптык - даражасына жараша, ал эми 18 жашка чыкканга чейинки жаранга майыптык «бала - ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам» категориясы ыйгарылат. Эгерде адам дайыма сырттан келген жардамга жана камкордукка муктаж болсо I- топ түзүлөт, II- топ - өзүн-өзү багуу жөндөмү жарым-жартылай жоголсо: майып адам өзүнө кам көрө алат жана кыймылдай алат - бирок атайын түзүлүштөрдү, жабдыктарды колдонуу менен же башкалардын жардамы менен, III- топ - эгерде адам өзүнө-өзү кызмат кыла алса. Окуу үчүн өзгөчө режимди, башка адамдардын жардамын талап кылат. Адам өз кесиби боюнча иштей албайт жана азыраак квалификациялуу иштерди аткарууга аргасыз болот.

Медициналык-социалдык экспертиза комиссиясы (МСЭК) жарандын эмгекке жөндөмдүүлүгүн, анын социалдык жактан коргоого муктаждыгын аныктайт, аны мыйзамдуу түрдө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар деп тааныйт жана майыптык тобун дайындайт. Майыптыкты каттоо жарандын организминин абалына анын клиникалык, функционалдык, социалдык, кесиптик-эмгектик жана психологиялык маалыматтарын, ошондой эле реабилитациялоонун зарылдыгын талдоонун, комплекстүү баа берүүнүн натыйжасында чыгарылган корутундунун негизинде медициналык-социалдык экспертиза учурунда жүргүзүлөт.

Акыркы беш жылда (2019-жылдан 2023-жылга чейин) жыл сайын орточо эсеп менен 11 миңге жакын бойго жеткен адамдарга алгачкы майыптык диагнозу коюлса, ал эми 2020-жылы бул көрсөткүч азайып, 9 миңге жакын адамды түздү. Калктын 10 миң адамга карата бул көрсөткүч 2019-жылы 27,1 пайыздан 2023-жылы 24,4 пайызга чейин азайган. Биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген деп табылган адамдардын жалпы санынын 44 пайыздан ашыгы аялдар түзгөн жана 95 пайыздан ашыгын эмгекке жарамдуу курактагы калкты түзгөн.

**3-таблица:** Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген деп биринчи жолу табылган адамдардын саны

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар (ДМЧА) деп таанылган жетилген курактагылардын саны,** адамдар | **11 035** | **8 758** | **10 888** | **12 002** | **10 888** |
| Ар бир 10 000 адамга карата | 27,1 | 21,2 | 25,9 | 27,4 | 24,4 |

## Биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар (ДМЧА) деп таанылган жетилген курактагылардын саны, (адамдар)



2023-жылы биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген деп табылган адамдардын ичинен майыптыгы эң чоң үлүш II - топтогу майыптарга туура келген – болжол менен 69 пайызды түзгөн (2019-жылы 69,2 пайыз болгон), эң азы (12 пайыздан ашык) I - топтогу майыптарга (2019-жылы 12 пайыздан ашык) туура келген.

Жетилген курактагы калктын майыптыгынын негизги себептери болуп кан айлануу системасынын оорулары болуп саналат - алардын үлүшү 2023-жылы 21 пайызды, ал эми 2020-жылы - 23 пайызды, зыяндуу шишиктердин үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 12,4 пайызды (2020-жылы 12,9 пайыз) түзгөн, травматизмден, уулануудан жана тышкы себептердин башка таасиринен болгон оорулар – 11 пайыздан ашык болгон (2020-жылы 11 пайызга жакын).

### 4-таблица: Жынысы жана майыптыгынын себептери боюнча биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген деп табылган 18 жаштан жогорку курактагы адамдардын саны, (адам)

| | 2020 | | 2021 | | 2022 | | 2023 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер |
| **Биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар (ДМЧА) деп таанылган жетилген курактагы адамдардын саны,** адам | **3 891** | **4 867** | **4 769** | **6 119** | **5 273** | **6 729** | **4 738** | **6 150** |
| *анын ичинде улам:* | | | | | | | | |
| залалдуу шишиктери | 700 | 432 | 828 | 631 | 870 | 612 | 796 | 557 |
| кургак учук | 126 | 222 | 127 | 222 | 124 | 238 | 183 | 305 |
| эндокриндик системасынын оорулары | 316 | 476 | 482 | 604 | 511 | 690 | 417 | 536 |
| нерв системасынын оорулары | 187 | 188 | 260 | 268 | 331 | 340 | 250 | 258 |
| сезүү органдарынын оорулары | 182 | 185 | 270 | 296 | 333 | 357 | 289 | 321 |
| психикалык бузулуулар | 233 | 295 | 308 | 371 | 363 | 376 | 314 | 336 |
| кан айлануу системасынын оорулары | 644 | 1 364 | 703 | 1 571 | 863 | 1 805 | 791 | 1 536 |
| тамак сиңирүү органдарынын оорулары | 188 | 227 | 184 | 264 | 264 | 286 | 200 | 304 |
| дем алуу органдарынын оорулары | 103 | 118 | 141 | 108 | 146 | 162 | 150 | 144 |
| сөөк-булчуң системасынын жана тутумдаштыргыч ткандардын оорулары | 519 | 315 | 647 | 487 | 750 | 531 | 582 | 444 |
| травмалар (бардык жайгашкан жерлердеги) | 268 | 682 | 338 | 868 | 310 | 953 | 277 | 982 |
| башкалар | 425 | 363 | 481 | 429 | 348 | 379 | 489 | 427 |

## Жынысы жана майыптыгынын себептери боюнча биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген деп табылган 18 жаштан жогорку курактагы адамдардын саны (адам)

| 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|
| 3 891 | 4 769 | 5 273 | 4 738 |
| 4 867 | 6 119 | 6 729 | 6 150 |

Анын ичинде:

**2023**

| | | |
|---|---|---|
| Залалдуу шишиктери | 796 | 557 |
| Кургак учук | 183 | 305 |
| Эндокриндик системасынын оорулары | 417 | 536 |
| Нерв системасынын оорулары | 250 | 258 |
| Сезүү органдарынын оорулары | 289 | 321 |
| Психикалык бузулуулар | 314 | 336 |
| Кан айлануу системасынын оорулары | 791 | 1 536 |
| Тамак сиңирүү органдарынын оорулары | 200 | 304 |
| Дем алуу органдарынын оорулары | 150 | 144 |
| Сөөк-булчуң системасынын жана тутумдаштыргыч ткандардын оорулары | 582 | 444 |
| Травмалар (бардык жайгашкан жерлердеги) | 277 | 982 |
| Башкалар | 489 | 427 |

## Биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар (ДМЧА) деп таанылган жетилген курактагы адамдардын саны (жылдар боюнча)



**5-таблица:** Жынысы жана жашаган жери боюнча биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген деп табылган 18 жаш жана андан жогорку курактагы адамдардын саны (калктын ар бир 10 000ине)

| | Бардыгы | Шаар жери | Айыл жери |
|---|---|---|---|
| **2019** | | | |
| аялдар | 23 | 7 | 15 |
| эркектер | 32 | 8 | 23 |
| **2020** | | | |
| аялдар | 18 | 6 | 13 |
| эркектер | 24 | 7 | 18 |
| **2021** | | | |
| аялдар | 22 | 6 | 16 |
| эркектер | 29 | 8 | 22 |
| **2022** | | | |
| аялдар | 24 | 6 | 19 |
| эркектер | 33 | 7 | 26 |
| **2023** | | | |
| аялдар | 21 | 9 | 12 |
| эркектер | 28 | 10 | 16 |

**Жынысы жана жашаган жери боюнча биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген деп табылган 18 жаш жана андан жогорку курактагы адамдардын саны**
(калктын ар бир 10 000ине)



# Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар

Айрыкча балдардын арасында ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын санынын көбөйүшү калктын ден соолугунун начарлашынын көрсөткүчү болуп саналат. Белгилүү болгондой, балдардын ден соолугу улуттун репродуктивдүү потенциалын аныктайт жана улуттук коопсуздуктун фактору болуп саналат, ошондой эле чоң социалдык мааниге ээ.

Майыптыгы боюнча жөлөкпул алган балдардын саны жыл сайын өсүүдө. Медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын маалыматы боюнча, I - топтогу майып балдардын санынын көбөйүшү балдардын жетишсиз тамактануусуна, энелердин аз кандуулуктун болушуна, белгилүү үй-бүлөлөрдө балдардын төрөлүшүнө байланыштуу болгон тукум куучулук илдеттер, ооруну өз убагында аныктабоо жана дарыланбоо, ошондой эле башка себептер менен байланышкан.

2023-жылдын аягына карата республика боюнча 18 жашка чейинки ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 37 миңден ашык бала болгон, бул ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жалпы санынын 17,3 пайызын түзгөн. Ал эми 2019-жылга салыштырганда мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын саны 17,1 пайызга өскөн. Алардын жалпы санынын жетиден бир бөлүгүн балдардын церебралдык шал оорусу (БЦШ) (ДЦП) менен ооруган балдар түзөт.

**6-таблица:** 18 жашка чейинки ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын саны, адам** | **32 013** | **32 634** | **34 181** | **36 441** | **37 494** |
| Адамдардын жалпы санында ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын үлүшү | 16,5 | 16,5 | 16,9 | 17,2 | 17,3 |
| Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын үлүшү, пайыз менен | 1,3 | 1,3 | 1,3 | 1,4 | 1,4 |

## 18 жашка чейинки ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар




Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын эң көп саны Жалал-Абад (8 миңден ашык), Ош (6 миңден ашык) жана Чүй (6 миңге жакын) облустарында, ал эми эң азы саны – Ош шаары жана Талас (1 миңден ашык) жана Нарын облустарында (2 миңден ашык) белгиленет.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын эң көп саны

**Жалал-Абад облусу**

**8 000 АШЫК**

**7-таблица:** 2023-жылы 18 жашка чейинки ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын саны

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы - бардыгы** | **32 013** | **32 634** | **34 181** | **36 441** | **37 494** |
| кыздар | 16 917 | 17 479 | 18 024 | 19 612 | 19 784 |
| балдар | 15 096 | 15 155 | 16 157 | 16 829 | 17 710 |
| **Баткен облусу** | **2 867** | **2 909** | **3 048** | **3 280** | **3 305** |
| кыздар | 1 465 | 2 087 | 2 281 | 2 400 | 2 366 |
| балдар | 1 402 | 822 | 767 | 880 | 939 |
| **Жалал-Абад облусу** | **6 971** | **7 086** | **7 548** | **8 158** | **8 476** |
| кыздар | 3 672 | 3 758 | 3 741 | 4 423 | 4 605 |
| балдар | 3 299 | 3 328 | 3 807 | 3 735 | 3 871 |
| **Ысык-Көл облусу** | **3 520** | **3 504** | **3 589** | **3 682** | **3 765** |
| кыздар | 1 610 | 1 583 | 1 664 | 1 707 | 1 729 |
| балдар | 1 910 | 1 921 | 1 925 | 1 975 | 2 036 |
| **Нарын облусу** | **2 169** | **2 163** | **2 188** | **2 200** | **2 215** |
| кыздар | 1 094 | 1 115 | 1 005 | 1 410 | 1 371 |
| балдар | 1 075 | 1 048 | 1 183 | 790 | 844 |
| **Ош облусу** | **5 889** | **5 836** | **6 027** | **6 309** | **6 395** |
| кыздар | 3 593 | 3 312 | 3 293 | 3 096 | 3 179 |
| балдар | 2 296 | 2 524 | 2 734 | 3 213 | 3 216 |
| **Талас облусу** | **1 749** | **1 694** | **1 764** | **1 786** | **1 771** |
| кыздар | 827 | 841 | 900 | 909 | 808 |
| балдар | 922 | 853 | 864 | 877 | 963 |
| **Чүй облусу** | **4 792** | **5 044** | **5 282** | **5 750** | **5 998** |
| кыздар | 2 578 | 2 681 | 2 878 | 3 152 | 3 083 |
| балдар | 2 214 | 2 363 | 2 404 | 2 598 | 2 915 |
| **Бишкек шаары** | **3 120** | **3 427** | **3 736** | **4 222** | **4 453** |
| кыздар | 1 495 | 1 652 | 1 797 | 2 025 | 2 159 |
| балдар | 1 625 | 1 775 | 1 939 | 2 197 | 2 294 |
| **Ош шаары** | **936** | **971** | **999** | **1 054** | **1 116** |
| кыздар | 583 | 450 | 465 | 490 | 484 |
| балдар | 353 | 521 | 534 | 564 | 632 |

## 18 жашка чейинки ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын саны

Кыргыз Республикасы - бардыгы




Кыздардын жана балдардын саны




### 2019-2023-жылдар аралыгында 18 жашка чейинки ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын аймактар жана жынысы боюнча саны




Баткен облусу




Жалал-Абад облусу




Ысык-Көл облусу




Нарын облусу




Ош облусу




Талас облусу




Чүй облусу




Бишкек ш.




Ош ш.

2023-жылы биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген деп таанылган 18 жашка чейинки балдардын саны 5 351 баланы түздү, алардын 38 пайыздан ашыгын кыздар түзөт.

**8-таблица:** Биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген деп табылган 18 жашка чейинки балдардын курактык тобу жана жынысы боюнча саны, (адам)

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген деп таанылган 18 жашка чейинки балдардын жалпы саны** | **5 026** | **3 659** | **4 780** | **5 660** | **5 351** |
| алардын ичинде жаш курагы боюнча, жаш: 0-3 жаш | 2 401 | 1 862 | 2 410 | 2 561 | 2 981 |
| 4-7 | 1 149 | 776 | 1 024 | 1 263 | 1 024 |
| 8-14 | 1 216 | 838 | 1 095 | 1 511 | 1 095 |
| 15-17 | 260 | 183 | 251 | 325 | 251 |
| анын ичинде: | | | | | |
| кыздар | 2 238 | 1 612 | 2 057 | 2 423 | 2 057 |
| балдар | 2 788 | 2 047 | 2 723 | 3 237 | 3 294 |

## Биринчи жолу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген деп табылган 18 жашка чейинки балдардын курактык тобу жана жынысы боюнча саны




Балдардын майыптыгынын көбөйүшү негизинен балдар арасында диагностика жана аныктоонун жакшырышына байланыштуу болот. Энелердин ден соолугунун начардыгы, аз кандуулук жана йоддун жетишсиздиги, энелердин кош бойлуу кезинде чалдыккан оорулары (жатын ичиндеги инфекциялар, сасык тумоо ж.б.),

экологиялык шарттардын канааттандырарлык эмести-ги, оорулуу жана алсыраган, ара төрөлгөн балдардын төрөлүшүнө алып келет, алар чарчап калып, тирүү калбай же кийин майып болуп калышат.

2023-жылы республика боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн 18 жалпы билим берүү мектептер болгон, аларда 3,5 миң бала окушкан жана анын ичинен 1 440ы кыздар болгон.

**9-таблица:** Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн мектептердин саны жана алардагы балдардын саны

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Уюмдардын саны** | **18** | **18** | **17** | **18** | **18** |
| Балдардын саны, адам | 3 629 | 3 317 | 3 480 | 3 476 | 3 522 |
| кыздар | 1 497 | 1 384 | 1 475 | 1 420 | 1 440 |
| балдар | 2 132 | 1 933 | 2 005 | 2 056 | 2 082 |

## Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн мектептердин саны жана алардагы балдардын саны



Республикадагы үй-интернаттар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген курагы жеткен жана улгайган адамдардын, ошондой эле сырттан кароого, маданий, социалдык жана медициналык тейлөөгө муктаж болгон ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын туруктуу же убактылуу жашоосу үчүн арналган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигинде 17 үй-интернаттар бар, анын ичинен улгайган адамдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жалпы типтеги - 5 үй-интернат, психоневрологиялык курагы жеткен адамдар үчүн - 6 үй-интернат жана балдар үчүн - 6 психоневрологиялык үй-интернат бар. Балдардын психоневрологиялык үй-интернаттары республикалык бюджетинен каржыланат. Учурда интернаттарда 2 миңден ашык адам жашайт, анын ичинен 446сы майып балдар.




### 10-таблица: Карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн үй-интернаттары (жылдын аягына карата)

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Үй-интернаттардын саны** | **17** | **17** | **16** | **16** | **17** |
| карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген курагы жеткен адамдар үчүн | 12 | 12 | 11 | 11 | 11 |
| ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн | 5 | 5 | 5 | 5 | 6 |
| **Үй-интернаттардагы орундардын саны** | **2 862** | **3 011** | **2 726** | **2 721** | **2 831** |
| карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген курагы жеткен адамдар үчүн | 2 340 | 2 450 | 2 150 | 2 145 | 2 150 |
| ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн | 522 | 561 | 576 | 576 | 681 |
| **Үй-интернаттарда жашап жаткан адамдардын саны, адам** | **2 399** | **2 330** | **2 221** | **2 285** | **2 332** |
| карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген курагы жеткен адамдар үчүн | 1 975 | 1 937 | 1 794 | 1 864 | 1 886 |
| ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн | 424 | 393 | 427 | 421 | 446 |

## Карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн үй-интернаттары

● Карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген курагы жеткен адамдар үчүн

○ Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн




Үй-интернаттардагы орундардын саны




Үй-интернаттарда жашап жаткан адамдардын саны, адам



# Мамлекеттик бюджеттин төлөмдөрү

Акыркы беш жылдын ичинде мамлекеттик бюджеттин эсебинен социалдык жактан коргоого чыгашалар анын бардык чыгашаларынын орто эсеп менен 15-20 пайызын түздү жана бул статьяга бөлүнгөн каражаттардын көлөмү жыл сайын көбөйүүдө. Алсак, 2023-жылы 2019-жылга салыштырганда социалдык коргоого чыгашалар 26 505,8 миллион сомго же 1,8 эсеге көбөйүп, жалпы чыгашалардын үлүшү 3,9 пайыздык пунктка кыскарган.

Ал эми 2023-жылы 2022-жылга салыштырганда социалдык коргоого чыгашалар 10 929,8 млн сомго же 22,6 пайызга чейин көбөйгөн, жана мындай чыгашалардын ички дүң продуктудагы (ИДПдагы) салыштырма салмагынын үлүшү бир аз гана өзгөргөн.

**11-таблица:** Мамлекеттик бюджеттин эсебинен социалдык коргоого чыгашалар[1]

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Чыгашалар – бардыгы, млн. сом** | **32 763,6** | **34 376,5** | **36 625,3** | **48 339,6** | **59 269,4** |
| ИДП карата пайыздар менен | 5,0 | 5,4 | 4,7 | 4,7 | 4,8 |
| Жалпы чыгашага карата пайыздар менен | 19,5 | 20,0 | 17,3 | 15,5 | 15,6 |

[1] ЭВФтин 2001-жылдагы Мамлекеттик финансы статистикасы боюнча колдонмосуна ылайык, финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар.

## Мамлекеттик бюджеттин эсебинен социалдык коргоого чыгашалар (млн. сом)



Ата-энесинин камкордугусуз калган (ата-энесинин экөөнөн тең ажыраган) балдарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга, церебралдык шал оорусуна чалдыккан балдарга, АИВ/ЖИКС менен ооруган энелерден төрөлгөн балдарга социалдык жөлөкпулдар төлөнөт. Майып балага орточо социалдык жөлөкпул 2023-жылдын аягында 8 000 сомду түзүп, бир балага жашоо минимумунан 22,2 пайызга ашты (2023-жылы айына орточо 6 544,88 сом).

### **12-таблица:** 18 жашка чейинки балдарга майыптыгы боюнча жөлөкпулдун орточо өлчөмү (жылдын акырына карата, сом менен)

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Майыптык боюнча жөлөкпул** | **4 000,0** | **4 000,0** | **6 000,0** | **6 000,0** | **8 000,0** |
| Балдардын церебралдык шал оорусуна чалдыккан балдарга майыптыгы боюнча жөлөкпул | 4 000,0 | 4 000,0 | 6 000,0 | 6 000,0 | 8 000,0 |
| АИВ-инфекциясын жуктурган балдар үчүн жөлөкпул | 4 000,0 | 4 000,0 | 6 000,0 | 6 000,0 | 8 000,0 |
| Бир балага жашоо минимуму | 4 091,05 | 4 532,95 | 5 282,48 | 6 099,75 | 6 544,88 |

### 18 жашка чейинки балдарга майыптыгы боюнча жөлөкпулдун орточо өлчөмү



# Кыргыз Республикасынын калкын жана турак жай фондун каттоонун маалыматтары

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети 2022-жылы калкты жана турак жай фондун каттоону өткөрдү. Эл каттоого 5 жаштан жогорку жаштагы адамдар үчүн майыптуулук статистикасы боюнча Вашингтон тобу тарабынан иштелип чыккан функционалдык майыптуулук боюнча суроолор камтылган.

Негизги чөйрөлөрдө функционалдык жөндөмдүүлүк суроолорунун максаты – ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын коомдун бардык аспектилерине канчалык деңгээлде катышарын аныктоо үчүн калктын ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендердин статусу боюнча классификациялоо болуп саналат. Эл каттоо жана үй чарбаларын изилдөө аркылуу майыптыгы боюнча маалыматтарды чогултуунун эки негизги максаты бар. Булар биринчиси - майыптуулуктун таралышын баалоо, экинчиси - обочолонуу даражасын баалоо[3].

Функционалдык чектөөлөр жөнүндө суроолор Туруктуу өнүгүү максаттарынын (ТӨМ) индикаторлорунун бири болуп саналат жана биринчи жолу Кыргыз Республикасындагы эл каттоонун жүрүшүндө берилген.

Бул суроолор ден соолугуна байланыштуу кээ бир иш-аракеттерди жасоодо калктын дуушар болушу мүмкүн болгон кыйынчылыктарды аныктоого багытталган. Алынган маалыматтар-боюнча ар кандай иш-чараларды пландаштыруу үчүн калктуу конуштарды абаттоо (пандустарды куруу, үн сигналы бар светофорлорду орнотуу ж.б.) үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

**Эл каттоо анкеталарында функционалдык чектөөлөр боюнча беш суроо камтылган:**

1 көрүү боюнча

2 угуу боюнча

3 басуу боюнча

4 когнитивдик жөндөмдүүлүктөр үчүн

5 өзүнө кам көрүү



Бул бөлүмдөгү суроолорго жооптор субъективдүү болушу керек, б.а. респонденттердин пикирин билдирүү болуп саналат (жана медициналык диагнозго көз карандуы эмес). Ошентип, бул бөлүмдөгү суроолорго 5 жаштан жогорку куракдагы бардык респонденттер жооп беришкен (майыптыгы жоктор дагы жооп беришкен).

Майыптуулуктун статистикасы боюнча Вашингтон тобунан сунушталган алты суроонун ичинен беш суроо ылайыкташтырылган жана киргизилген:

1. Сизде көз айнек менен да көрүү кыйынга турабы?
2. Сизде угуу аппаратын колдонсоңуз да, угуу кыйынга турабы?
3. Сиз басууда же тепкичке чыгууда кыйналасызбы?
4. Сиз эстеп калууда же көңүлүңүздү топтоодо кыйналасызбы?
5. Өзүңүзгө кам көрүүдө кыйынчылыктарыңыз барбы (мисалы, өзүңүз жуунуп же кийинүү менен байланышкан)?

2022-жылдагы эл каттоодо жалпы калктын 88,4 пайыз (же 6 миллион 129 миң адам) функциялык чектөөлөр тууралуу суроолорго жооп берген. Алардын ичинен туруктуу калктын үчтөн биринен көбү (35,6 пайызы) шаар жергесинде жана дээрлик үчтөн экиси (64,4 пайызы) айыл жеринде жашашкан.




[3] Майыптуулуктун статистикасы боюнча Вашингтон тобунун анкетасына киришүү. https://www.washingtongroup-disability.com/

# 1 Сизде көз айнек менен да көрүү кыйынга турабы?

Бул суроонун максаты көрүүсү кыйын болгон же көз айнек менен да (эгер алар көз айнек тагынса) көрүүсү кыйын болгон адамдарды аныктоо болгон. Көрүү адамдын айланасында болуп жаткан нерселерди байкоо же кабылдоо үчүн көзүнүн көрүү күчүн колдонуу жөндөмүн билдирет. Сурамжылоонун жүрүшүндө респонденттердин көрүү кейгейлөрүнө, жакын же алыскы объектилерди көрүү жөндөмдүүлүгүнө, ошондой эле капталдан көрүүнүн жоктугунан улам бир гана көз менен же түз алдыда көрүү жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу бир нече жооп варианттары белгиленди.

Эгерде респондентте көз айнеги бар болсо жана колдонсо, көрүү канчалык кыйын экенин, анын ичинде көз айнек аркылуу көрүү кандай болорун аныктоо зарыл, эгер респондентте сапаты жакшыраак көз айнек же көз айнеги болсо, көрүү кандай болорун аныктоо керек эмес.

2022-жылдагы эл каттоого ылайык, шаардагы жана айыл жериндеги калктын басымдуу көпчүлүгү (дээрлик 95 пайыз) ***эч кандай көрүү кыйынчылыгы жок экенин*** билдиришкен. Жалпысынан бул маселе боюнча аймактык айырмачылыктар болгон жок. Республика боюнча орточо көрсөткүчкө салыштырмалуу Ысык-Көл жана Чүй облустарынын тургундарынын арасында көрүү кыйынчылыгы жок экендигин калктын жалпы пайызынан бир аз төмөн (ар бири 93 пайыз) деп белгиленген. Ошол эле учурда мындай респонденттердин шаар жеринде аялдардын үлүшү (52 пайызды) эркектерге караганда (48 пайыз) жогору болгон, өзгөчө Бишкек шаарында (тиешелүүлүгүнө жараша 55 пайыз жана 45 пайыз). Көрүүсүндө кыйынчылыгы болбогон адамдардын пайызы жаш курак менен азайган экендигин (5-29 жаштагылардагы 99 пайыздан 70 жаштан жогорку куракттагыларда 57 пайызга чейин жеткен) белгилей кетүү керек.

Калктын 5 пайызга жакыны кайсыл конуштун түрүнө карабастан, ***көрүү менен кандайдыр бир кыйынчылыктарга туш болгонун*** белгилешкен. Региондордун калкынын ичинен Ысык-Көл жана Чүй облустарынын (дээрлик 6 пайыз), ошондой эле Талас облусунун (5,5 пайыз) тургундары көбүнчө ушундай жооп беришти. Көрүүнүн кээ бир кыйынчылыктарынын бар экендиги жөнүндө жооптордун төмөнкү деңгээли Нарын (3,9 пайыз) жана Ош (3,8 пайыз) облустарында байкалган. Көрүүсүнүн кандайдыр бир кыйынчылыгын билдирген адамдардын үлүшү 5-44 жаш тобундагы 1-2 пайыздан 70 жаштан жогорку куракттагыларда 35 пайызга чейин өскөн.

Бул суроо боюнча, эркектер менен аялдардын жоопторунда байкаларлык айырмачылыкты белгилей кетүү керек, аялдар эркектерге караганда көрүү менен кыйынчылыктарга дуушар болушкандары дээрлик 1,5 эсе көп экендигин белгилешкен. Ошол эле учурда мындай жооп берген аялдардын үлүшү эркектерге салыштырмалуу айылдарда да, шаарларда да жогору болгон (тиешелүүлүгүнө жараша 5,4-5,6 пайызга каршы 3,8-3,9 пайыз).

Эл каттоонун натыйжалары көрсөткөндөй, жашаган жерине карабастан республика боюнча калктын бир пайыздан азы көрүү ***менен көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөргөндүгүн*** айтышкан (0,6 пайыз). Жалпысынан, аялдардын арасында, шаар жана айыл жергесиндеги аялдардын арасында бул суроого оң жооп бергендердин үлүшү бир аз ашыкча болгон. Чүй облусунда аялдар эркектерге караганда көрүү менен көптөгөн кыйынчылыктарды өткөрүшкөнүн белгилешти (тиешелүүлүгүнө жараша 1,2 пайызга каршы 0,8 пайызды түзгөн). Көрүү кейгейлөрү бар респонденттердин үлүшү жаш курагына жараша өсүп, 70 жаштан кийин 7 пайызга жеткен.

Сурамжылоонун жүрүшүндө калктын 0,1 пайыз аялдар да, эркектер да жашаган жерине карабастан, ***такыр көрбөйбүз*** деп жооп беришкен. Ошол эле учурда, такыр көрбөгөн респонденттердин эң көп үлүшү 65 жана андан улуу жаштагы улгайган калктын арасында (0,8 пайыз) белгиленген.



# 2 Сизде угуу аппаратын колдонсоңуз да, угуу кыйынга турабы?

Суроо угуу аппаратын колдонууда да (эгерде алар угуу аппаратын тагынса) угуу жөндөмү чектелген же кыйынчылыктары бар адамдарды аныктоого багытталган. Бул угуу адамдын кулагынын угуу жөндөмүн колдонуу менен сүйлөөнү же аларга багытталган иш-аракеттерди, анын ичинде айлана-чөйрөдөгү коркунучтарды кабыл алуу жөндөмүн билдирет. Бул суроо, эгерде респондентте угуу аппараты бар жана колдонуп жаткан болсо да угуудагы кыйынчылыктарды аныктоо үчүн, жана эгерде респондентте сапаттуу угуу аппараты же деги эле угуу аппараты болсо, угуу кандай болорун аныктоо үчүн эмес, аларга керек болсо экендигин аныктоого багытталган.

Эл каттоонун жыйынтыгы боюнча шаар жана айыл жеринде калктын 97 пайызы ***угуу жагынан эч кандай кыйынчылыктары жок*** экенин белгилешкен. Жалпысынан бул маселе боюнча олуттуу аймактык айырмачылыктар аныкталган жок. Алсак, республика боюнча жалпы көрсөткүчкө салыштырганда, угуу кыйынчылыгы жок деп жооп берген калктын пайызы Ысык-Көл жана Талас облустардагы тургундардын арасында бир аз төмөн болгон (ар бири 96 пайыздан).

Ошол эле учурда мындай респонденттердин шаар жеринде аялдардын үлүшү (53 пайыз) эркектерге караганда (47 пайыз) жогору болгон, өзгөчө Бишкек шаарында (тиешелүүлүгүнө жараша 55 пайыз жана 45 пайыз). Белгилеп кетсек, угуу жагынан көйгөйлөрү жок деп билдирген адамдардын үлүшү жаш курак менен төмөндөйт (5-29 жаштагылар арасында 99 пайыздан жана 70 жаштан жогорку курактагыларда 65 пайыздан туура келген).

Калктын 3 пайызга жакыны, кайсыл жерде жашаганына карабастан, угуу жагынан кандайдыр бир кыйынчылыктарга туш болгонун белгилешти. Региондордогу калктын ичинен Ысык-Көл жана Чүй облустарынын (дээрлик 3 пайыз), ошондой эле Талас облусунун (2,8 пайыз) тургундары көбүнчө ушундай жооп беришти. Нарын (2,0 пайыз) жана Ош (2,2 пайыз) облустарында угуу менен кээ бир кыйынчылыктары бар экендиги жөнүндө жооптордун төмөнкү деңгээли белгиленген. Кээ бир угуу кыйынчылыгын билдирген адамдардын үлүшү 5-44 жаш тобундагы 0,8-1,2 пайыздан 70 жаштан жогорку курактагыларда 5,5 пайызга чейин өскөн.

Бул суроо боюнча, эркектер менен аялдардын жоопторунда айырмачылыкты байкасак болот, ***аялдар эркектерге караганда 1,4 эсе көп угууда кыйынчылыктарга дуушар*** болушкан. Ошол эле учурда шаарларда мындай жооп берген аялдардын үлүшү жашаган регионуна карабастан айылдарга караганда бир аз жогору болгон (тиешелүүлүгүнө жараша 58 пайызга каршы 53 пайыз).

Эл каттоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй, республика боюнча калктын 0,1 пайызы шаардык жана айыл жеринде ***угуу жагынан көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушкандыгын деп*** белгилешкен. Ошентип, жалпысынан шаардык жана айылдык аялдардын арасында бул суроого оң жооп бергендердин үлүшү бир аз өскөн. Чүй облусунда эркектерге караганда көбүрөөк аялдар угуу жагынан көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушкан (тиешелүүлүгүнө жараша 0,6 пайыз каршы 0,4 пайыз). Сурамжылоого ылайык, 70 жаштан жогорку курактагы респонденттердин 5,5 пайыз угуу көйгөйлөрү көп деп жооп беришкен.

Сурамжылоо көрсөткөндөй, калктын 0,1 пайызга жакыны, аялдар да, эркектер да, жашаган жерине карабастан, ***такыр уга албайм*** деп жооп беришкен. Такыр укпаган респонденттердин эң көп үлүшү 70 жана андан улуу жаштагы улгайган калктын арасында (0,5 пайыз) белгиленген.



# 3 Сиз басууда же тепкичке чыгууда кыйналасызбы?

Бул суроонун максаты басуу менен кандайдыр бир чектөөлөр же кыйынчылыктар бар адамдарды аныктоо болуп саналат. Басуу – бул А чекитинен В чекитине чейин өтүү үчүн жерди бойлой кыймылдай тургандай ылдыйкы буттарды (буттарды) колдонуу. Бул басуу мүмкүнчүлүгү эч кандай аспаптын (майыптардын коляскасы, балдагы, таякчасы) же адамдын жардамы жок болушу керек. Мындай жардам керек болсо, адамдын басуу кыйынга турганын белгилесек болот.

Эл каттоо респонденттерге кыска аралыкты (болжол менен 100 метрге чейин) же узак аралыкты (болжол менен 500 метрге чейин) басуу, тыныгууну талап кылбастан каалаган аралыкты басып өтүү, тепкич менен өйдө же ылдый басуу көйгөйлөрү тууралуу суралган.

Басуу кыйынчылыгына тең салмактуулук, чыдамкайлык же башка таяныч-кыймыл аракет аппаратынын көйгөйлөрү да кирет (мисалы, сокур адамдар бейтааныш жерде басууда кыйналышат). Ошондой эле, респондент үчүн көйгөй деп эсептелген басуу кыйынчылыктары (түз жердеби же эңкейиштеби) катталган.

2022-жылдагы эл каттоонун маалыматы көрсөткөндөй, шаарларда жана айылдарда калктын көпчүлүгү (95,6 пайыз) ***басууда же тепкичке чыгууда эч кандай кыйынчылык жок экенин*** билдиришкен. Жалпысынан алганда, басууда кандайдыр бир кыйынчылыктар болбогондуктан, олуттуу аймактык жана гендердик айырмачылыктар болгон эмес. Ошол эле учурда, мындай респонденттердин шаардык аялдардын үлүшү (52 пайыз) шаардык эркектерге (48 пайыз) караганда жогору, ал эми айылдарда, тескерисинче, эркектерге (51 пайыз) караганда аялдар (49 пайыз) азыраак болгон. Бишкекте аялдар менен эркектердин ортосундагы айырма өзгөчө байкалган (тиешелүү түрдө 55 пайыз жана 45 пайыз).

***Жаштын өсүшүнө жараша басууда көйгөйлөр жок деп жооп берген калктын үлүшүнүн азайгандыгын белгилей кетүү керек.*** Ошентип, эгерде 60 жашка чейинки курактагы респонденттердин 97 пайызга жакыны басуу же тепкич менен чыгууда кыйынчылыктар жок деп билдиришсе, 70 жаштан жогору курактагы болгон адамдардын үлүшү дээрлик эки эсеге (54 пайызга чейин) кыскарган.

Калктын 3 пайыздан ашыгы жашаган жерине жана жынысына карабастан ***басуудагы айрым кыйынчылыктарды*** белгилешкен. Аймактардын тургундарынын арасында бул көбүнчө Ысык-Көл, Талас жана Чүй облустарында катталган (респонденттердин ар бири 4 пайыз). Жөө басуудагы айрым кыйынчылыктардын эң төмөнкү көрсөткүчтөрү Бишкек шаарында (2,8 пайыз) жана Нарын облусунда (3 пайыз) белгиленген. Жөө басууда кандайдыр бир чектөөлөр бар адамдардын үлүшү жаш курак менен көбөйөт жана 70 жаштан жогору курактагы болгон калктын үчтөн биринен көбүрөктү (34 пайыз) түзөт.

Эл каттоого ылайык, жашаган жерине жана регионуна карабастан республика боюнча калктын бир пайыздан азыраагы ***басуу же тепкич менен чыгууда көп кыйынчылыктарга*** туш болушат (0,7-1 пайыз) деп жооп беришкен. Бул суроого оң жооп бергендердин арасында шаарларда жана айылдарда аялдар эркектерге караганда бир аз көбүрөөк (тиешелүүлүгүнө жараша 0,9 пайыз жана 0,6 пайыз) болгон. Республиканын ар бир бешинчи жашоочусу 70 жаштан жогорку курактагы (19 пайыздан ашык) басууда көптөгөн көйгөйлөргө дуушар болот.

Орто эсеп менен калктын 0,2 пайызга жакыны аялдар жана эркектер жашаган жерине карабастан ***такыр баса албайт*** деп жооп беришкен. Алардын ичинен респонденттердин эң көп үлүшүн 70 жаштан жогорку курактагы улгайган адамдар түзөт (2 пайыз).



# 4 Сиз эстеп калууда же көңүлүңүздү топтоодо кыйналасызбы?

Бул суроонун максаты - эстеп калуу же көңүл топтоо кыйынчылыгы бар адамдарды аныктоо, бул күнүмдүк иштерди аткарууну кыйындаткандыгын билдирет. Респонденттерди сурамжылоо жүргүзүүдө эс тутумга жана көңүл топтоого байланыштуу түшүнүктөр колдонулган. Эстөө өткөн окуяларды жана учурдагы окуяларды эстеп калуу үчүн эс тутумду колдонууну билдирет, адам өткөн (жакын же алыс) болгон нерсени эстей алат же ойлоно алат. Жаштарда жаттоо көбүнчө мектептен үйрөнгөн фактыларды сактап калуу жана керектүү учурда ошол фактыларга шилтеме жасоону камтыйт. Эстөө жөндөмүн, ошондой эле оң же терс эмоцияларды пайда кылган эскерүүлөрдү жаттоо менен теңештирүүгө болбойт.

Көңүл топтоо же концентрация окуу, сандарды эсептөө, бир нерсени изилдөө сыяктуу белгилүү бир иштерди аткаруу үчүн акыл жөндөмдүүлүктөрүн колдонууну болуп саналат. Бул бүтүрүү максаты менен бир тапшырмага көңүл бурууну камтыйт.

2022-жылдагы эл каттоодо калктын басымдуу бөлүгү (97 пайыз) ***эстеп калууда же көңүл топтоодо эч кандай кыйынчылык жок*** экенин көрсөттү. Бул маселе боюнча олуттуу аймактык айырмачылыктар болгон жок. Алсак, республикалык орточо көрсөткүчкө салыштырганда, Жалал-Абад жана Талас облустардагы тургундардын арасында эстеп калуу же көңүл топтоо кыйынчылыгы жок калктын пайызы бир аз төмөн (ар бири 96 пайыз) болгон. Ошол эле учурда мындай респонденттердин шаар жеринде аялдардын үлүшү (53 пайыз) эркектерге караганда (47 пайыз) жогору болгон, өзгөчө Бишкек шаарында (тиешелүүлүгүнө жараша 55 пайыз жана 45 пайыз) белгиленген.

Эскерте кетсек, эстеп калууда же көңүлүн топтоодо көйгөйлөр жок экенин билдирген адамдардын пайызы жашы өткөн сайын азаят. Маалыматка ылайык, 5-39 жаш жана 40-49 жаштагы калктын 98-99 пайызы мындай көйгөйлөр болгон эмес, ал эми 70 жаштан жогорку курактагы респонденттердин үчтөн экисинен ашыгы (68 пайыз) бул суроого макул деп жооп беришкен.

Калктын 3 пайызга жакыны жашаган жерине карабастан, алар ***эстеп калууда же көңүлүн топтоодо кандайдыр бир кыйынчылыктарга дуушар болоорун*** белгилешкен. Сурамжыланган калктын ичинен көбү Жалал-Абад жана Талас облустарынын (ар бири 3 пайыз), ошондой эле Ысык-Көл облусунун (2,9 пайыз) тургундары жооп беришти. Эстеп калууда же көңүлүн топтоодо айрым кыйынчылыктардын бар экендиги жөнүндө жооптордун төмөнкү деңгээли Нарын облусунда (2,1 пайыз) жана Бишкек шаарында (1,9 пайыз) байкалган.

Эстеп калуу же көңүл топтоо кыйынчылыгын билдирген адамдардын үлүшү 5-44 жаш тобундагы 0,5-1,3 пайыздан 70 жана андан жогорку жаштагыларда 26,3 пайызга чейин өскөн.

Эркектер менен аялдардын жоопторундагы айырманы белгилеп кетсек, ***аялдар эркектерге караганда 1,3 эсеге көп эстеп калуу же концентрациялоо боюнча кыйынчылыкка дуушар*** болгонун айтышкан. Ошол эле учурда шаарларда мындай жооп берген аялдардын үлүшү айылдарга караганда бир аз жогору (тиешелүүлүгүнө жараша 57 пайызга каршы 55 пайыз) болгон, өзгөчө Бишкек шаарында (тиешелүүлүгүнө жараша 61 пайыз жана 49 пайыз) белгиленген.

Эл каттоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, республика боюнча калктын 0,1 пайызы шаарларда жана айылдарда ***эстеп калуу же көңүл топтоо жагынан көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар*** болушат деп жооп беришкен. Ошентип, жалпысынан республика боюнча аялдардын арасында, шаардагы да, айылдагы да бул суроого оң жооп бергендердин үлүшү бир аз ашыкча болгон. Сурамжылоого ылайык, 70 жаштан жогорку курактагы респонденттердин 4,8 пайыз эстеп калууда же көңүл топтоодо көптөгөн көйгөйлөр бар экенин айтышкан.

Мындан тышкары калктын 0,1 пайыз аялдар жана эркектер жашаган жерине карабастан ***эстей албай, көңүлүн топтой албай жатканын*** белгилешкен. Ошол эле учурда эстей албаган жана көңүлүн топтой албаган респонденттердин эң көп үлүшү 70 жаштан жогорку курактагы улгайган калктын арасында (0,6 пайыз) белгиленген.



# 5 Өзүңүзгө кам көрүүдө кыйынчылыктарыңыз барбы (мисалы, өзүңүз жуунуп же кийинүү менен байланышкан)?

Бул суроонун максаты - өзүнө кам көрүү кыйынга турган адамдарды аныктоо болуп саналат. Сурамжылоодо жуунуу жана кийинүү сыяктуу түшүнүктөрдүн аныктамалары колдонулган. Жуунуу – бул чачты жана бутту тазалоону, ошондой эле самын же шампунь менен, жуунуучу чүпүрөк жана суу сыяктуу керектүү нерселерди чогултуу мүмкүнчүлүгүн камтыйт. Кийинүү дененин үстүнкү жана астыңкы бөлүгүнө бардык аспектилерге тиешелүү, жана анын ичинде бутка кийим кийүү, эгерде бул маданиятка ылайыктуу болсо. Бул кийимди сактоочу жайлардан (мисалы, шкаф же кийим салгыч сыяктуу), топчуларды, түйүнчөктөрдү, бекиткичтерди, сыдырмаларды, ж.б. бекитүү мүмкүнчүлүгүн камтыйт. Жуунуу жана кийинүү негизги, универсалдуу, күнүмдүк көнүмүш милдет деп эсептелген иштер болуп саналат.

Эл каттоонун жүрүшүндө шаарларда жана айылдарда калктын басымдуу бөлүгү (97-98 пайыз) ***өздөрүн багууда, кам көрүүдө эч кандай кыйынчылык жок*** экендигин билдиришкен. Жалпысынан бул маселе боюнча олуттуу аймактык же гендердик айырмачылыктар аныкталган жок. Ошол эле учурда шаардык аялдардын (53 пайыз) арасында мындай респонденттердин үлүшү шаардык эркектерге (47 пайыз) салыштырмалуу жогору болгон, ал эми айылдарда ушуга окшош жооп бергендердин арасында тескерисинче жагдай түзүлдү – аялдар (49) пайыз) эркектерге караганда азыраак (51 пайыз) болгон. Бишкекте аялдар эркектерге караганда, өздөрүн багууда эч кандай кыйынчылык жок деп жооп беришкен (тиешелүү түрдө 55 пайыз жана 45 пайыз). Белгилей кетсек, 70 жаштан жогорку курактагы калктын 69 пайызы гана өзүн-өзү багууда эч кандай кыйынчылык жок экенин белгилешти.

Калктын 2 пайыздан ашыгы ***өзүнө кам көрүүдөгү айрым кыйынчылыктарды*** белгилешти. Алардын ичинен эркектер 1,7 пайызды, ал эми аялдар 2,3 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда региондун түрүнө жана аймакка жараша олуттуу айырмачылыктар табылган жок. Өзүн-өзү багуу жагынан кандайдыр бир чектөөлөрү бар адамдардын үлүшү жаш өткөн сайын өсөт жана 70 жаштан жогорку курактагы калктын арасында 33 пайызды түзгөн.

Республика боюнча калктын бир пайыздан азыраагы жынысына, чөлкөмүнө жана жайгашкан жерине карабастан, ***өздөрүн багууда, кам көрүүдө көп кыйынчылыктарды баштан*** өткөрүшөт (0,4-0,5 пайыз) деп жооп беришти. Андан тышкары, 70 жаштан жогорку курактагы респонденттердин 6 пайызга жакыны ***өздөрүн багууда жана кам көрүүдө көптөгөн кыйынчылыктарга туш*** болушат. Мындан тышкары, калктын 0,2 пайызга жакыны жашаган жерине карабастан, аялдар да, эркектер да, ***өздөрүн такыр бага албайт*** деп жооп беришкен. Алардын ичинен жооп берген аялдардын үлүшү (52 пайыз) эркектерге (48 пайыз) караганда жогору болгон, ал эми респонденттердин эң көп үлүшү 70 жаштан жогорку курактагы улгайган калктын арасында (болжол менен 2 пайыз) болгон.



## Кыргызстанда 2022-жылдагы **калкты каттоонун жыйынтыктарын талдоо** калктын функционалдык чектелүү маселелери боюнча төмөнкүдөй негизги тыянактарды көрсөтөт:

Калктын басымдуу көпчүлүгү (дээрлик 95 пайыз) шаарларда жана айылдарда ***көрүүдө эч кандай кыйынчылыктары жок*** экенин айтышты, ал эми калктын 5 пайызга жакыны ***көрүү менен кандай-дыр бир кыйынчылыктарга туш*** болушкан.

Мындан тышкары, республика боюнча жашоочулардын бир пайыздан азыраагы, аялдар жана эркектер ***көрүү менен көптөгөн кыйынчылыктарга*** туш болушат жана такыр көрө алышпайт деп жооп беришти.

Калктын 97 пайыз шаар жеринде да, айыл жеринде да ***угуусунда бир да көйгөй жок*** экенин, 3 пайызга жакыны ***бир аз угуу кыйынчылыгын***, ал эми калктын 0,1 пайыз угуу кыйынчылыгы көп экенин белгилешкен.

Калктын 0,1 пайызга жакыны (анын ичинде аялдар жана эркектер) такыр укпайбыз деп жооп беришкен.

Калктын басымдуу бөлүгү (95 пайыздан ашыгы) шаарда жана айыл жеринде, ошондой эле жынысына карабастан, басууда же тепкичке чыгууда эч кандай кыйынчылык жок экенин айтышты.

Респонденттердин 3 пайыздан ашыгы ***басууда кандайдыр бир кыйынчылыктар бар экендигин*** белгилешти, бир пайыздан азыраагы б***асуу же тепкичке чыгууда көптөгөн кыйынчылыктарды*** белгилешти. Мындан тышкары, калктын 0,2 пайыз жакыны жынысына жана жашаган жерине карабастан ***такыр баса албайт*** деп жооп беришкен.

Республика боюнча калктын 97 пайызга жакыны жашаган жерине карабастан ***эстеп калууда же көңүл топтоодо эч кандай кыйынчылыктарга дуушар болушпайт***, калктын 3 пайызы эстеп калууда же көңүл топтоодо ***кандайдыр бир кыйынчылыктарга туш болушат.*** Ошол эле учурда, аялдар эркектерге караганда 1,3 эсеге көп эстеп калуу же көңүл топтоо кыйынчылыкка туш болгонун айтышкан.

Республика боюнча калктын 0,1 пайызы жынысына жана жашаган жерине карабастан ***эстеп калууда же көңүл топтоодо көп кыйынчылыктарга дуушар болушат***, ал эми 0,1 пайызы ***эстей албай, көңүлүн топтой албайт*** деп жооп беришкен.

Калктын басымдуу бөлүгү (97-98 пайыз), шаарларда да, айылдарда да, ***өздөрүн багууда, кам көрүүдө эч кандай кыйынчылык жок*** экенин, 2 пайыздан ашыгы ***өзүн багууда жана кам көрүүдө кандайдыр бир кыйынчылыктарга дуушар болушат***, калктын бир пайыздан азыраагы ***өзүн багып, кам көрүүдө көп кыйынчылыктар*** бар экенин белгилешкен.

Калктын 0,2 пайызга жакыны жынысына жана жашаган жерине карабастан, ***өздөрүнө такыр кам көрө албайт*** деп жооп беришкен. Алардын арасында эркектерге (48 пайыз) караганда аялдар (52 пайыз) көбүрөөк болгон, ал эми респонденттердин эң көп үлүшү 70 жана андан жогору курактагы улгайган адамдар болгон.

Аналитикалык баяндама

Бишкек 2024